**Арзымкан Бостонов атындагы орто мектебинин соц педагогу М.Асанбекованын 2019-2020-жылдагы, 2020-2021-жылдагы, 2021-2022-окуу жылы 2022-2023-окуу жылындагы иштери тууралуу маалыматы.**

Социалдык педагогдун функционалдык милдеттерин ишке ашырыш үчүн жана ишмердүүлүгүнүн негизги багыттарын ошондой эле мектептик зордук-зомбулуктун алдын алуу аны болтурбоо, кылмыштуулуктун бардык (чоң-кичине) түрлөрүнө, ачык мүмкүн болгон натыйжаларынын себептерин аныктоо, талдоо, класс жетекчилер, ата-энелер мектеп администрациясы менен өз ара биргеликте иш алып буруу. Мектеп окуучуларынын ичинен балдардын категорияларга бөлүнүшүн аныктоо, иликтөө класстын, мектептин соц картасын түзүү ж.б.у.с. иштерди жүзөгө ашыруу бул түздөн-түз соц педагогдун принциптеринин негизиндери болуп эсептелинет. Аларды жүзөөгө ашырыш үчүн эң алгач план керек. Ошон үчүн жылдык, айлык, жумалык иш пландар түзүлүп бекитилет. Ошол пландын негизинде иш жүргүзүлүп келет. Айрыкча мектепке жаңы келген 0-1-класстардын ошондой эле башка мектептерден келген окуучулар жөнүндө толук маалымат жыйналат.

Социалдык педагогдун кесипкөйлүк компетенттүүлүктөрүнүн ишке ашырылышы үчүн окуучу менен мугалимдин ортосунда, класс жетекчи менен ата-эненин, ата-эне менен окуучунун өз ара түшүнүшүнүн бекемделиши керек болгон кээ бир маселелерди анкета жүргүзүү, диагностика жүргүзүү, байкоо, маектешүү аркылуу ар кандай тесттик баалоолор болуп турат.

“Кылмыштуулукту болтурбоо”. “Зордук-зомбулуктун алдын-алуу, “Кыз ала качуу”; “Эрте никеге туруу” боюнча окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен класстарда ар кыл темадагы ачык тарбиялык сабактар уюштурулуп, график менен өткөрүлүп турат.

Турмуштук оор кырдаалга туш болгон балдар аныкталып, алар менен тиешелүү иштер өз убагында жүргүзүлүп, балдарга жакындан жардамдар берилип, соц педагогдун иш аракети менен Адиев Акбар фостелдик үй-бүлөгө жайгаштырылды.

Документи жок үч окуучуга метрика алынып берилди. Азыркы күндө дагы бир окуучуга документ алып берүү үчүн иштер жүргүзүлүп жатат. (бул окуучу сырттан келди)

Аз камсыз болгон жана көп балалуу үй бүлөлөргө спонсорлордун жардамы менен жакындан жардамдар берилип кийим-кече, окуу куралдары алынып берилди.

Мындан ары дагы алгылыктуу иштер жүргүзүлө бермекчи.

**Соц педагог: ____________________М.Асанбекова**

Scanned by TapScanner